
# Эгиз шырдакча



Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Эгиз шырдакча

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Эгиз шырдакча" (кыргыз тилинде), автор Нурайым Шаршенбаева, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Сен көргөзмөгө эмне алып барасың? – деп сурады Арзыгүл.

– Билбейм. Апам, атам менен кеңешем го, – деди Рахат. – А сенчи?

– Апам жасагандай, отургучка кийизден кооз шырдакча жасап барсамбы дегем. Кел, чогуу жасайлы, – деди Арзыгүл.

– Макул, бирок шырдак жасаганды билбейм да, – деп Рахат ыңгайсыз боло түштү.

– Мен апама жардам бергенче үйрөнүп жатам. Кааласаң, апам сага да үйрөтөт! – деди Арзыгүл.

Экөө Арзыгүлдүн үйүнө келишти.

– Кийиз кантип жасалат? – деп сурады Рахат.

– Алгач койдун жүнүн кыркып алабыз. Силерге жасалуу кадамдарын айтып берейин. Кийиз күзүндө кыркылып алынган жүндөн жасалат. Ал эми жазгы жүн кийиз жасоого жарабайт.

**1-кадам.** Жүндү тикенектеринен тазалап, жагымсыз жыттардан арылтуу үчүн жууйбуз. Жылуу сууга жуучу каражат кошуп жууп, муздак суу менен чайкайбыз. Кургагандан кийин аны үлпүлдөтө тытып же сабоо менен сабап алабыз.

**2-кадам.** Күнөс жерге таарды таштап, токулган чийди жайып, анын үстүнө жүндү кабаттап, тегиздеп салабыз.

**3-кадам.** Самындуу кайнак суу куюп, чийге оройбуз. Анын сыртынан таар менен ороп алып, аркан менен арчындап байлайбыз. Бир сааттай күч менен ары-бери тепкилеш керек. Ошентип жүн кирип, катуу болуп калат.

**4-кадам.** Анан кийизди чийден ажыратып, бекем болушу үчүн билектер менен басып алабыз. Кийиз даяр болгондон кийин муздак сууга чайкап, кургатабыз. Ак кийизди каалаган түскө боёп алса болот, – деп апасы кийиздин жасалышын жакшы түшүндүрүп берди.

– Апа, Рахат экөөбүз көргөзмөгө катышуу үчүн отургучка кичинекей шырдакча жасайлы дегенбиз.

– Түстүү кийиздердин өөндөрү болсо бериңизчи, – деди Арзыгүл.

Арзыгүл кызыл, Рахат көк түстөгү кийизди тандап алышты.



Жерге салынып турган шырдактын оюуларын кагазга көчүрүп тартууга аракет кылышты. Оюу тартыш жеңил эмес экен. Жалбырак, кара тырмак, ит куйрук, кочкор мүйүз, теке мүйүз жана башка түрдүү аталыштагы оюулар бар экенин апасы айтып, шырдактын бетинен көргөзүп берди.

Кыздар бор менен мүйүз кыял оюусун тартканга аракет кылышты. Арзыгүл шырдакты шырыганды билгени менен, оюу тартып, кийиз бычып көргөн эмес болчу.

– Оюу тартыш оор турбайбы. Атамдан жардам сурайлы. Ал оюуларды абдан жакшы тартат, – деди Арзыгүл.





– Мына, экөөңө эки шырдакчага оюулар даяр болду, – деди атасы.

– А-и-ий! Бул эки кийизден бир эле шырдакча болот деп ойлогом! – деди Рахат.

Рахаттын таң калганына Арзыгүл кыткылыктай күлдү.

– Сен көктү тандагансың, демек, сенин шырдакчаңдын ортосу көк болот, меники кызыл. Сеникинин сырты кызыл болсо, меники көк болот.

– Ура-а! Бири-бирине окшош эгиз шырдакчалар! – Рахат кубанып кетти.

– Сен дароо эле шырдакчаларга ат койдуң го! Көргөзмөгө да ушул аталыш менен алып барабыз! – деди Арзыгүл.

– Азаматсыңар, кыздар! Өзүңөр эле эгиз атка конбостон, эми минтип жасаган буюмуңар да эгиз аттуу болду! – деди атасы жылмайып.


Рахат тез эле Арзыгүлдүн, апасынын көрсөткөндөрүн үйрөнүп алып жатты. Ошентип оюуларды бириктирип жөрмөп чыгышты. Андан соң оюулардын алдына кара кийизди кошуп тигишти.


– Тез эле бүтүрүп койдук, ээ? – деди Рахат кубанып.

– Али, бүтө элекпиз да. Шырдак бышык болушу үчүн шырыш керек, – деди Арзыгүл.

Курбулар сабактан кийинки маалда, шырдакчаларды шыруу менен алектеништи.

Көргөзмө ачылар күнү шырдакчалар да даяр болду.





– Кээ биреөлөр көргөзмөгө эки-үчтөн буюм алып барышат экен. Мисалы, Акыл өзү жасаган кичинекей боз үй менен кошо курут да алып барам деди. Биз да бир нерсе жасап албайлыбы?

– Эмне жасасак деп ойлоп жатасың?

– Көөлөнгөн талкан.

– Охоо! Таттуу талканды жакшы көрөм.

– А мен аны жасаганды билем! – деди Рахат кубанып. – Кааласаң, азыр эле жасай калам.

Рахат бир чыны талканга шекер кошуп, каймакка аралаштырды.

https://www.google.com

– Мына, таттуу көөлөнгөн талкан даяр болду. Эми тоголоктоп, кооз идишке салып алабыз.

Ошентип эки курбу шырдакчаларды, көөлөнгөн талканды алып, мектепке жөнөштү.

Көргөзмөгө келген көрүүчүлөр арбын болду жана абдан кызыктуу өттү.

Курбулардын жасаган “Эгиз шырдакчасына” кызыккандар көп болду.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**